УДК: 659.131.33

Майрамбекова А.
*К.Тыныстанов ат. ЫМУ, магистрант*

# А.ЭГЕМБЕРДИЕВДИН ЧЫГАРМАЧЫЛЫГЫНДАГЫ ТЕМАТИКАЛЫК ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨР

*Макалада акын Абдыжапар Эгембердиевдин поэзиясынын тематикалык өзгөчөлүктөрү иликтөөгө алынат. Өз замандаштарынан болгон айырмачылыктары белгиленет.*

***Негизги сөздөр:*** *поэзия, чыгармачылык, акын.*

*В статье исследуются тематические особенности в творчестве Абдыжапара Эгембердиева. Также в статье отмечаются особенности и различия его поэзии от своих современников.*

***Ключевые слова:*** *поэзия, творчество, акын.*

*The article explores the thematic features in the work of Abdyzhapar Egemberdiev. Also, the article notes the peculiarities and differences of his poetry from his compatriots.*

***Key words:*** *poetry, creativity, akyn.*

Кыргыз элинде не бир сөз чеберлери, алсак, атактуу төкмөлөр, куудулдар, чон санжырачылар, тарыхты, элдин үрп-адатын түгөл билген адамдар чыккан. Ал эми жазма адабиятыбыздагы акындардын арасында Абдыжапар Эгембердиев‒ өзгөчө жаралган таланттардын бири.

Поэзиялык өмүр учугу мезгил өткөн сайын узарып турган акындын өмүрүнө азыноолак токтоло кетсек.

А.Эгембердиев 1951-жылы Ысык-Көл областынын Түп районундагы Токтоян айылында мугалимдин үй-бүлөсүндө төрөлгөн. Атасы мугалим болгон, кырк үч жашында дүйнөдөн кайткан. Анын чоң атасы Эгемберди Молдожанов молдо, эл дарылаган, касыйда окуган, эки дүйнөнү салыштырып, дастан, санжыра китептерди айткан мыкты адам болгон.

Болочоктогу акын тогузунчу класска чейин Токтоян орто мектебинде окуган. Андан соң Каракол шаарындагы Киров орто мектебинде окууну аяктаган. 1969-жылы Кыргыз мамлекеттик улуттук университетинин филология факультетине кирип, 1974-жылы аяктап, иш сапарын баштайт. 1988-жылы Ташкент «Саясат жана башкаруу» институтунда журналистика факультетин бүтүргөн. Ал өзүнүн ишин Нарын областындагы Ак-Талаа районунда мугалим болуп иштөөдөн баштаган. Эки жылдан кийин райондук кеңештин орун басары, андан соң партиянын райкомунун агартуу башчысы, Ак-Суу райкомунун бөлүм башчысы, саясий агартуу партиясынын Ысык-Көл обкомунун, саясий агартуу үйүнүн консултанты кызматтарын аркалаган. Учурда Ысык-Көл кабарлары облусттук газетасынын башкы редактору.

Ал акын катары кыргыз журтчулугуна таанымал экендигин айтканбыз. Анын биринчи ырлар жыйнагы 1987-жылы «Күндүн сыры» деген ат менен жарык көргөн. Экинчи поэтикалык ыр жыйнак китеби 1990-жылы «Чакырымдар» деген ат менен жарык көргөн. Ал эми үчүнчү 1994-жылы «Арман дүйнө» поэтикалык жыйнагы жарык көрүп, окурмандар жалпы эле адабий коомчулук тарабынан жылуу кабыл алынат.

Жыйнак «Ички кайрыктар», «Арзуу саптары» аттуу эки бөлүктөн турат да, алардын аттарынан эле туюлуп тургандай, ата-журт, жаратылыш, жашоонун ар кыл түйшүгү, тунук сүйүү жөнүндөгү, негизинен, чакан, жөнөкөй ырларды камтыйт. Алардагы ой-толгоолорду жыйнактын наамынын ички, кыйыр маңызына жаңылануу жолунда түркүн көрүнүштөргө тайсалдабай тике караган, элдин оорун колдон, жеңилин жерден алган сезимтал, манчыркоодон, курулай шандануудан алыс адамдар алдында өз жоопкерчилигин түшүнө билген каарман.

Идеялык-көркөмдүк, композициялык, жанрдык өзгөчөлүктөр жагдайында «Чакырымдар» деген аталыш үч маанилик жагдайда чечмеленет.

Биринчиден, кадимки эле жер өлчөмү чакырымдар акындын чакан үйүнөн башталат да, Ата Журттун көз жетпеген айдыңына сүңгүп кетет.

Ата Журтум, айдыңына сөз жетпейт,
Башталсам да, ушул чакан үйүмдөн.
Түйшүгүңө кабыл болуп көп ирет,
Сенде туулуп өскөнүмө сүйүнгөм (1. 3-б.).

Лирикалык кейипкер Чыгыш-Батыш сапарда жол арытып, жашоонун ар тыбышын, сүйлөшүн too, талаанын шамалынан үйрөнөт. Мекенди кыдырып жүрүп, ал анын «аптабына», ызгаарына көнөт, алыс эмес жакындын сырын ачат.

Акыры тууган жер аны аруу нурга жууп туруп, акындык чыйырга салып коет. Башкача айтканда, жыйнактын наамынын биринчи маңызы мына азыр жер үстүндө «суудай аккан эсепсиз пенделердин» реалдуу тиричилиги, изденүү-умтулуулары, жаратылыш кубулуштары менен байланыштуу:

Суудай аккан эсепсиз пенделердин,
Муң-зар кетпес көбүнүн карты ачыла.
«Авроранын» кубаттуу жаңырыгы
Таркап кетти дүйнөнүн картасына (1. 5-бет).

Экинчиден, лирикалык кейипкер учурдагы ар кыл окуялардын түпкү төркүнүн пайда болуу себептерин тарыхтан, мезгил доорлордон, өткөн, азыркы келечектеги убакыттан серепчилейт. Бүгүнкү күн заматта бүгүн болбой, жылдар жылып, сан кылымдык сапарды кечирип, тынымсыз аккан турмуш алга умтулат.

Акынды эзелки менен эмкинин, урпактардын, ата менен баланын ортосундагы байланыштар кызыктырат.

Олда курган атам а,
Түшө берип санаага.
Агартыпсың чачыңды,
Өмүр тилеп балаңа.
Олда курган атам а,
Карылыкты эртелеп
Биз деп сурап алыпсың
Көп түйшөлүп энтелеп (3. 24-бет).

Лирикалык каарман мына ушинтип ата-энесин аяйт, бирок баарынан кызыгы, өзү да ата катары сыркоо кызынын үстүндө чарк айланат:

Кызым ыйлайт чырылдап,
Жаны кыйналып оорудан.
Оюм болуп он талаа,
Мен үйрүлүп тоорулам (1. 30-бет).

Демек, укумдан-тукумга убаракерленип өмүр сүрүү улана берет тура. «Жер канаты турган кезде талыбай, бизден жашоо бүтпөйт ушул күн менен» деген жыйынтык чыгат.

Үчүнчүдөн, чакырымдар, көрсө, мейкиндикте жана мезгилдер арасында гана болбостон, ички сезимдерге, ой-толгоолордо, жүрөктөрдүн ортосунда (лирикалык планда) да болот тура. Биз жер үстүн желе тордой чиймелеген, көк жалтыр асфальт тасмаларды айтпаганда да, космоско, ааламга жол салды. Бирок жанаша жашап жаткан эки жүрөктүн ортосунда жаткан чыйырды жакшылап туя албай, көрө албай, сезе албай, үзүп алып жаткан жокпузбу?

Жан сырың жан сырыма,

Булактай үн алышкан.
Бурулуп кете албайбыз,
Жалбаруу жүрөктү эзип,
Жакынбыз – жете албайбыз (1. 75-бет).

Башкача айтканда, жолду бассаң, убакытты жашасаң арытасың, ал турду дечи, бирок сезимдердин чакырымдарын басып өтүү татаал. Жашоонун башка вазийпасы жүрөктөрдүн ортосундагы «каныбызда дирилдеген желе тарамдарды» чеберлик менен тарай билүү болсо керек.

Эгерде жыйнактагы ырлардын поэтикалык өзгөчөлүктөрүн улам арылап териштире берсек, тиги үчилтик түзүлүштүн ар биринин өзүнө таандык, көркөм каражаттык ажырымдар бар экенин байкайбыз. Композициялык түзүлүштүн биринчи катмарында эстетикалык максатты аткаруу үчүн, башкача айтканда, тиричилик өтөт. Пенделердин ой-сезимдерин чагылдыруу үчүн, акын атуулдук лирика арноо аркылуу, пейзаждык сүрөттөмө арман сыяктуу жанрдык формаларды ылайык табат. Мындай ырлардын саны арбын, сапаты ар кыл. Бирок аларды бир бүтүнгө бириктирип турган өзөк - лиркалык кейипкердин көркөм элеси. Ал турмуштун өйдө-төмөнүнө четтеп туруп, кайдыгер көз салбайт.

А.Эгембердиевдин лирикалык каарманы бир кездеги жалпы советтик поэзияга мүнөздүү булгаары күрмө кийген, кемтик-кемчиликтен арылган, коомдук кызыкчылыгы менен гана жашап жеке турмушун четке каккан, ынкылаптын өртүн бүткүл дүйнөгө таратууну эңсеген, күнү-түнү иште жалындаган “схема-штамп” деп ойлоого болбойт.

А.Эгембердиевдин ырларынын тематикалары ар кыл формада, мазмунда жазылган. Ал советтик түзүлүшкө, Ленин, Октябрь революциясына да арнап жазган ырлары да бар.

Ошондой эле акындын жакын адамдары, ага-туугандары, досторуна арнаган ырлары да арбын. Анын «Классташтар» деген ырын алып көрөлү:

Бармактайдан бир чоңоюп, бирге өскөн,
Дүйнө таанып, дил ачышып жүрөктөн.
Бир тууганга айтылбаган сырды да,
Тең бөлүшүп көкүрөктү түнөткөн.
Эч ким болжоп биле албаган тагдырдай,
Барга көнүп, жокко чүнчүп кайгырбай.
Максат көздөп сапар улап кеткенбиз,
Календардан түшүп калган ай, жылдай.
Байлык жыйып капшытында тирелген,
Көктү карап мансабына чиренген.
Анан дагы үй кайтарган бекерчи.
Эмнегедир чыкпай калды силерден.
Бизди кийрип «билим» деген эшиктен,
Бар жогубуз сан түйшөлтүп эшиткен.
Ага-эженин көбү өтөп мөөнөтүн,
Эң акыркы танаписке кетишкен.

А.Эгембердиев жеке гана ырларды жазбастан, мини поэмаларды жараткан. Алсак, «Көл баяны», «Атамдын арман күүсү», «Турсунгазы» аттуу көлөмү чакан поэзиянын күчү менен поэмаларды жазган. «Атамдын арман күүсү» поэмасы кемпиринен айрылган абышканын образын берет

Жыйынтыктап айтканда, поэзия айдыңында жемиштүү эмгектенип, талбай изденип өзүнүн стилин тапкан акындардын бири Абдыжапар Эгембердиевдин ырларынын поэтикалык элпектиги, лирикалык назиктиги, ой жүгүртүүсү, тематикалык жактан өзгөчөлөнүп турат.

Ал – кыргыз элине таанымал, кыргыз поэзиясына өз үнү, өзгөчөлүгү менен келип кирип, чыгармачылык жолдо өчпөгөн из калтырып келе жаткан таланттуу акындарыбыздын бири.

А.Эгембердиев өзүнүн «кыргыз» деген атын ыйык тутуп, оргуштаган таланты менен алган таалим-тарбиясын, илим-билимин жуурулуштуруп, асаба катары бийик көтөрүп, көпчщлүккө таанымал болуп келе жатат. Жумурай-журттун арзуусуна ээ болуп, чыгармалары элдин кызыгуусу менен окулуп, бир нече арзуу ырларына обондор жазылып аткарылууда. Турмушта кезиккен көрүнүштөрдү, окуяларды, учурларды сүрөттөп, түркүн түскө боеп, кубултуп, жанга жагымдуу чыгармаларга айлантуусундагы акындын чыгармачылык дарамети анын эң жогорку деңгээлдеги талантуулугун дагы бир жолу айгинелеп турат.

Андыктан акындын чыгармачылыгы ар тараптан дагы да изилдениши керек.

**Адабияттар:**

1. Эгембердиев А. Чакырымдар. –Фрунзе: Адабият, 1990.